«БЕКИТЕМИН»
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору, физ-мат. и.к., доцент
Чыныбаев М.Т.
_______________________________
«04» 03 2024-ж.

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдерининин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)» деген аталышындагы илимий иши кыргыз тарыхнаамасында илимий-теориялык жана практикалык жактан терең жана ар тараптан изилдөөнү талап кылган актуалдуу проблемалардан болуп саналат. Себеби, XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башы адамзаттын тарыхында өзгөчө из калтырган тарыхый окуялар менен коштолгон. Идеологиялык карама-каршылыкта жашаган биполярдуу коом, эки социалдык-экономикалык система (капитализм жана социализм) доору аяктап, мурдагы социалисттик лагердеги Борбордук Азия өнүгүүнүн жаңы фазасына өтүп, дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке кошулган. ССРдин курамындагы 15 союздук республика советтик экономикалык системадан, рынок

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/30
«4» 03 2024 ж.г.

экономикасына өтүү менен эле чектелбестен, Борбордук бийликтен баш тартып, көз карандысыздыктарын жарыялашкан. Радикалдык өзгөрүүлөргө учураган СССРдин курамындагы республикалар, алардын ичинде Кыргыз Республикасы да татаал экономикалык, саясий проблемаларга дуушар болушу мыйзамдуу көрүнүш болгон.

2005 – жылдагы саясий кризистин келип чыгышына алып келген өлкөдөгү трайбализмдин күчөшү, коррупция, экономикалык кризис, жакырчылык, жумушсуздуктун пайда болушу, бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу эгемендиктин алгачкы мезгилинен башталган. 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий жана экономикалык өнүгүүсү боюнча бир катар илимий иштер жазылгыны менен жетиштүү көлөмдө изилденген эмес. Диссертант 1991 – 2005-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшүн изилдөө Кыргызстандын бүгүнкү, келечектеги коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсүндөгү проблемаларга олуттуу кароо менен туура багытты тандоосуна өбөлгө болоору изилдөөнүн акуалдуулугу деп жетишээрлик денгээлде аныкталганга аракет кылган.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

*1-жыйынтык.* 1991-2005-жылдардагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун өнүгүүсү боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алган.

*2-жыйынтык.* Кыргызстандын 1991-жылдагы көз карандысыздыкка ээ болуудагы коомдук-саясий кырдаалга тарыхый талдоо жасалды. Кыргызстандын саясий жана социалдык – экономикалык өнүүгүсүндө 1991 – жыл өткөөл мезгилдин башталганы менен мүнөздөлөт. Демократиялык өнүгүү жолун тандоо менен антидемократиялык тенденцияларга каршы туруу процесстери башталаган. 1993-жылы кабыл алынган КР Конституциясы Президенттик, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин өлкөнүү

башкаруудагы ордун аныктоо менен көз карандысыз Кыргыз Республикасынын калыптануусу юридикалык негизде аяктагандыгын белгилеген.

*3-жыйынтык.* Саясий жана социалдык-экономикалык системаларды түп-тамырынан бери өзгөртүү контекстинде коомду демократиялаштыруу, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун эски органдарын трансформациялоо жана жаңы органдарын түзүү процесси изилденди. Кыргызстандын саясий системасын кайра түзүү маселелери каралган.

*4-жыйынтык.* Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушун тарыхый жана саясий аспектиде изилдөөнүн негизиде демократияны орнотуу механизмдери, трансформация татаал жана убакытты талап кылган процесс экендиги белгиленген.

*5-жыйынтык.* Өлкөдө көп партиялуулук принциби сакталганы менен, саясий партиялардын өлкөнүн коомдук – саясий, социалдык – экономикалык өнүүгүсүнө таасири дээрлик жок экендиги жана негизинен саясий партиялар парламенттик шайлоолордун алдында пайда болгондугу аныкталган.

*6-жыйынтык.* 2005 – жылдагы март окуяларына объективдүү баа берилип, 24 – марттагы окуялар классикалык социалдык революция эмес, революциялык кырдаалдын айрым белгилерин коштогон окуя деген бүтүм чыгарылган.

Чыгарылган жыйынтыктар изилдөөнүн материалдарын талдоонун натыйжасында илимий жактан негизделген жана ал жыйынтыктар кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошот.

3. **Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.** Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

*1-жыйынтык.* Эгемен Кыргыз мамлекети түзүлүп, кыргыз коомунда жаңы саясий система калыптанды.

*2-жыйынтык.* Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстандын жарандары демократияга өтүү үчүн багытталган радикалдуу реформаларга даяр эместигин көрсөттү.

*3-жыйынтык.* Башкаруу формасы өзгөрдү. Коомдук кыймылдар жана партиялар түзүлдү.

*4-жыйынтык.* Дин эркиндиги, сөз эркиндиги орноду. Кыргызстандын тарыхындагы 1991 – 2005 – жылдар өлкөнүн демократиялык өнүгүсүндө фундаменти түптөгөн.

*5-жыйынтык.* Өлкөнүн саясий, экономикалык реформаларды жүргүзүүдө чет өлкөлүк өзгөчө Батыш өлкөлөрдүн тажрыйбасы эске алынды. Кыргызстан эгемедиктин алгачкы жылдарында "демократия аралчасы" деген статуска ээ болгон.

*6-жыйынтык.* Ошол эле мезгилде планга негизделген экономика мамлекеттик менчиктен жеке менчикке, рынок экономикасына өткөрүү өзүнүн натыйжасын берип, өлкөдө экономикалык стабилдүүлүк пайда болуп, бирок бул процесстеги кетирилген кемчиликтер көп учурда күтүлгөн натыйжа берген жок.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүлүгүнө баа берүү**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Диссертация Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин кеңейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терең изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Диссертациянын мазмуну курстук жана дипломдук иштерди даярдоодо, гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн окуу курстарын окууда колдонушу мүмкүн. Диссертациялык иштин материалдары «Кыргызстандын тарыхы»

предмети боюнча лекциялык курстарды өтүүдө, Кыргызстандын советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги билим берүү тарыхы боюнча тийиштүү эмгектерди жазууда колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 13 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Авторефераттын мазмуну жана түзүмү диссертацияга толук дал келет. Кыргыз Республикасынын илимий даража берүү жобосунун кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын «Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдерининин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссертациялык изилдөөнүн кириш бөлүмүндөгү теманын актулдуулугу жетиштүү деңгээлде тереңдетилип, ачылып берилген эмес.

2. Изилдөөнүн негизги бөлүмүндө өлкөнү кризиске алып келген себептерди так аныктаса жакшы болмок.

3. 25-март 2005-жылы революция же бийлик алмашуу болгонбу? Изилдөөчү катары пикирин так аныктап берсе иштин жетишилген натыйжалары менен жыйынтыгы бир кыйла жакшырмак.

4. Изилдөөдө колдонулган методдорду жазып атканда, кайсы маалыматты кайсы методдун жардамы менен алдыңыз кыскача тушундурмө берсе ашыкча болмок эмес.

5. Илимий иштин текстинде техникалык жана стилистикалык мүчүлүштүктөр кездешет.

Анткени менен бул эскертүүлөр илимий изилдөөнүн маанилүүлүгүн жана баалуулугун төмөндөтпөйт.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)» деген аталышындагы диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасы Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын «Кыргыз Республикасынын коомдук саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005 ж.ж.)» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пункутунда белгиленген "билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн жыйынтыктары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Арзыматова Анаркуль Жумадиловна 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Гуманитардык жана коомдук илимдер» кафедрасынын 2024-жылдын 29-февралында өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол №7)

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

1. Акунов Алыбек Акунович – т.и.д. (07.00.02), профессор, төрага;
2. Карыева Анара Карыевна – т.и.д. (07.00.02), профессордун м.а.;
3. Алимова Клара Тойгонбаевна – т.и.к. (07.00.02), доценттин м.а.;
4. Куттубекова Венара Мамбеталиевна – т.и.к. (07.00.07), доценттин м.а.;
5. Кунтубаева Айжамал Ахматбековна – т.и.к. (07.00.02), доценттин м.а.;
6. Исаева Айнура Мукамбетовна – ф.и.к., доцент м.а.;
7. Толобаев Максатбек Шабданович – ф.и.к., доцент;
8. Абылкасымова Гульназ Абазовна – ф.и.к., доцент;
9. Сапалова Аида Усеновна – ага окутуучу;
10. Садыкулов Замир Сабырович – ага окутуучу;
11. Утуров Эркин Закирович – ага окутуучу;
12. Абдылдаева Бегайым Бектемировна – катчы.

И. Раззаков атындагы Кыргыз
мамлекеттик техникалык
университетинин «Гуманитардык
жана коомдук илимдер» кафедрасынын
башчысы, т.и.д., профессор А.Акунов

Катчы Б. Б. Абдылдаева

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар
башкармалыгынын башчысы